| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |


Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53


03.02.2023-жыл Базар-Коргон шаары

## Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX-сессиясынын №1-ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2022-жылга бекитилген бюджетинин аткарылышы боюнча отчёту, 2023-жылга карата иш-планын жана шаардын бюджетинин долбоорун бекитүү жөнүндөгү

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №60 Бюджеттик кодесинин 78-беренесине, 117-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-бөлүмчөсүнө жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет экономика жана ички сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна, Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджети боюнча корутундусуна ылайык, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2022-жылдагы бюджетинин аткаруусу боюнча отчёту канааттандырарлык деп табылсын.
2. Базар-Коргон шаар мэриясынын 2023-жылга карата аткара турган иш-планы алымча кошумчасы менен бекитилсин.
3. Базар-Коргон шаар мэриясынын 2023-жылга карата бюджетинин долбоору 129122,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
4. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэринин убактылуу милдетин аткаруучу Э.Ашыралиевке жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
5. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
6. Ушул токтомду Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет экономика жана ички сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловко милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Анарбеков К.К.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

03.02.2023-жыл Базар-Коргон шаары

## Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX-сессиясынын
## №3-ТОКТОМУ

### Базар-Коргон шаар мэриясынын 2023-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджеттен калган каражаттарды пайдалануу жөнүндө

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2022-жыл ичинде иштетилбей калган 43578,3 миң сом акча каражатын 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттен такталган планына отургузуу боюнча шаардык кеңештин бюджет-экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кенешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX –сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын 2022-жыл ичинде иштетилбей калган 43578,3миң сом акча каражаты 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун.
   a) 70111-разделдин 3111-статьясына +1320,5 миң сомго
   b) 70111-разделдин 2215-статьясына +2429,0 миң сомго
   c) 70629-разделдин 3111-статьясына +25000,4 миң сомго
   d) 70629-разделдин 3112-статьясына +9150,0 миң сомго
   e) 70629-разделдин 2231-статьясына +364,0 миң сомго
   f) 70911-разделдин 3111-статьясына +4763,1 миң сомго
   g) 70911-разделдин 2224-статьясына +151,3 миң сомго
   h) 70911-разделдин 2215-статьясына +200,0 миң сомго
   i) 70921-разделдин 2215-статьясына +200,0 миң сомго

   Жалпысы болуп 43578,3 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэринин убактылуу милдетин аткаруучу Э.Ашыралиевке жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Ушул токтомду Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет экономика жана ички сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловко милдеттендирилсин.

**Төрага: Анарбеков К.К.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

03.02.2023-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX-сессиясынын**
**№4-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2023-жылдын 1-январына карата калдык болуп атайын каражаттан калган каражаттарды пайдалануу жөнүндө

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2022-жыл ичинде атайын каражаттар эсебинен калдык болгон 2044,0миң сом акча каражатын 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин атайын каражаттары боюнча такталган планга отургузуу боюнча шаардык кеңештин бюджет-экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кенешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX –сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын 2022-жыл ичинде атайын каражаттар эсебинен иштетилбей калган 2044,0миң сом акча каражаты 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин атайын каражаттары боюнча чыгаша бөлүгүнө –

   а).70911-разделдин 2218-статьясына +2044,0 миң сомго отургузулсун.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэринин убактылуу милдетин аткаруучу Э.Ашыралиевке жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Ушул токтомду Жалал-Абад облասттык Адилет башкармалыгына каттоого берүү шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет экономика жана ички сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловко милдеттендирилсин

**Төрага:**

**Анарбеков К.К.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

03.02.2023-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX-сессиясынын**
**№6-ТОКТОМУ**

Ж. Таласбаев атындагы көчөнүн атын өзгөртүп, “Ынтымак” көчөсү деп кайра атоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августунда №467 сандуу токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасындагы географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эске алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө” Жобонун 10,11,12-пункттарына ылайык жана Базар-Коргон шаардык мэриясынын алдындагы социалдык комиссиянын төрагасынын 2022-жылдын 20-май айындагы №01-7/472 сандуу сунушун, Жалал-Абад облусунун административдик соттун 2022-жылдын 28-ноябрындагы чечимин, Базар-Коргон шаардык кеңешинин “Укук жана мыйзамдуулук, архитектуралык курулуш” боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX – сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарына караштуу Совет айылынын Аркалык участкасынын Ж. Таласбаев атындагы көчөнүн аты өзгөртүлүп, “Ынтымак” көчөсү деп кайра аталсын.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын убактылуу милдетин аткаруучу мэри Э.Ашыралиевке милдеттендирилсин.
3. Аталгантоктом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Ушул токтомду Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **Анарбеков К.К.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |
| Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,<br>тел: (03736) 5-00-53 | г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,<br>тел: (03736) 5-00-53 |

03.02.2023-жыл Базар-Коргон шаары

## Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX-сессиясынын №7-ТОКТОМУ

Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрь №123 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 41-берененин 1-пунктун эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо жөнүндөгү маселени карап чыгып талкуулап, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX-сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” Мыйзамынын Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басарлары жөнүндөгү 41- берененин 1-пунктунун негизинде жана бекитилген шаардык кеңешинин Регламентине ылайык, Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары болуп, Марамов Садыкалы Шарабидинович шайлансын.

2. Токтомдун көчүрмөсү Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына маалымат үчүн жиберилсин.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Ушул токтомду Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **Анарбеков К.К.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

03.02.2023-жыл Базар-Коргон шаары

# Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX-сессиясынын №8-ТОКТОМУ

Комиссия курамын жана иш регламентин бекитүү жөнүндө

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамынын 10-беренесинин негизинде, Базар-Коргон шаардык кеңешинин “Укук жана мыйзамдуулук, архитектуралык курулуш” боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун эске алып жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.06.2007-ж № 243-токтомунун негизинде “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” типтүү жобонун талабына ылайык Базар-Коргон шаар мэриясынын башкаруусунда болгон Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү үчүн комиссия курамын жана иш регламентин бекитип берүү жөнүндөгү Базар-Коргон шаарынын вице мэри А.К.Калмурзаевдин сунушун карап чыгып, депутаттардын сунуш-пикирлерин угуп, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XIX-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаардык кеңештин 28-декабрь 2021-жылдагы №5-токтому жана 29-сентябрь 2022-жылдагы №2-токтому «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамынын 10-беренесинин негизинде жокко чыгарылсын.
2. Базар-Коргон шаар мэриясынын башкаруусунда болгон Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча төмөнкү курамда комиссия түзүлсүн.
   a) Н.Т. Мажиев-шаардык кеңештин депутаты
   b) Г.К. Базаркулова-шаардык кеңештин депутаты
   c) С.А. Токтасинов-шаардык кеңештин депутаты
   d) А.К. Калмурзаев - вице мэр
   e) М.Калыков - жер адис
   f) М.Ахмадалиев - айыл башчы
   g) Н.Абдырахманов – айыл башчы
   h) Д.Абдуллаев - айыл башчы
   i) А.Жолчиев райондук агро-өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы- макулдугу менен
   j) К.Сатыбалдиев Жети-Кошкон айылынан коомчулуктан
   k) Н.Базарбаев Сай-Коргон участкасынан коомчулуктан

3. Базар-Коргон шаар мэриясынын башкаруусунда болгон Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча түзүлгөн комиссия курамы жана иш регламенти бекитилсин.
4. Токтомду аткарууга алуу жагы Базар-Коргон шаар мэринин убактылуу милдетин аткаруучу Э.Ашыралиевке милдеттендирилсин.
5. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
6. Ушул токтомду Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырамын

**Төрага:** **Анарбеков К.К.**